## “Телевидение” окуу программасы

**1994-жыл**

“Телевидение” окуу программасы 1994-жылы журналистика факультетинин өз алдынча болуп түзүлгөндүгүнө байланыштуу телерадиожурналистика кафедрасы катары негизделген. Бул кафедра Кыргызстанда телерадиожурналистика адистешүүсү боюнча атайын адистерди даярдаган жана бул багытта илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн бирден бир кафедра болуп келген.

Кафедраны алгачкы мезгилде белгилүү журналист Бүбүкан Досалиева жетектеген. Бул мезгилде ЮНЕСКО уюмунун колдоосу менен факультеттин материалдык-техникалык базасы түптөлө баштаган. Бул жылдары кафедрада тажрыйбалуу ага окутуучулар Рима Орозалиева, Абдывали Камилов, белгилүү сынчы Салижан Жигитов, филолология илимдеринин кандидаты, доцент Рахима Сыдыкова сыяктуу инсандар студенттерге билим беришкен.

**Ал эми 1996-жылы** атактуу публицист, жазуучу, киносценарист Кадыркул Өмүркулов, белгилүү оператор Манасбек Мусаевдин кафедрага келиши менен кадрдык курамдын сапаты дагы жогорулаган. Бул мыкты адистердин эмгегинин натыйжасында биринчи жолу журналистика факультетинин студиясында университет жөнүндө «Очаг благодатных знаний» аттуу документалдык фильм тартылган.

**2000-жылдары** телестудиянын материалдык-техникалык базасы чыңдалып, кесипкөй Panasonic NY фотоаппараты жана монтаждык стол менен камсыз болуп, студенттердин чыгармачылык жактан өнүгүүсүнө шарт түзүлдү. Жыйынтыгында “Баласагын ТВ” телестудиясы тарабынан КУУнун 60 жылдыгына карата 30 мүнөттүк даректүү тасма, профессор С.Рустембековдун 70 жылдыгына карата 10 мүнөттүк «Өмүрдүн өлбөс кербени» портреттик эскизи, бир маалыматтык видеотасма жана журналистика факультети тууралуу 2 жарнамалык ролик тартылган.

**2011-жылы** Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин илимий изилдөөлөр боюнча гранттык конкурска кафедранын мүчөлөрү А.Дуйшекеева жана Н.Тилекеева «Кыргызстандын радио, тележурналистикасынын калыптануусу жана өнүгүшү» деген аталыштагы долбоор менен катышып, жеңүүчүлөр катарында грант алышкан. Анын натыйжасында «Кыргыз радиосунун тарыхы бейне сүртүмдөрүндө» окуу куралы 2012-жылы жарык көргөн.

**2012-2014-жылдары** «кинотаануу» адистиги боюнча профессорлор К.Өмүркулов, М.Мусаев, мыкты журналист Б.Сутенова студенттердин профессионалдык жөндөмүн арттырууда салымдарын кошушту.



Кафедра тарабынан журналистика адистиги боюнча төмөндөгүдөй окуу куралдары даярдалган: «Кыргыз журналистикасынын тарыхы» Ж.Егембердиев, Р.Сыдыкова, Г.Сыдыкова, Ж.Бакашева, А. Дуйшекеева, Л.Калчаева; «Риторика. Журналисттин кеп маданияты» Г.Сыдыкова, Ж.М.Орозалиева, Э.К. Мусаев; «Адабий редактирлөө», «Төрөбай Кулатов – акылман жетекчи» Б.Тагаев; «Коммуникациянын башаты» Ж.Акматбекова; «Кыргыз радиосунун тарыхы бейне сүртүмдөрүндө» (коллективдүү эмгек, башкы редактор А.Дуйшекеева); «Радиожурналистиканын

негиздери» А.Дуйшекеева; «Журналисттин сүйлөө техникасы» З.М.Омурова, А.Т.Дуйшекеева, Н.К.Байзакова; «Ч.Айтматов и русский литературно-критический дискурс: социально-философские искания и контекст романного творчества»; «Авторское право в СМИ» Ш.А.Эшанкулова; «Стилистика» З.А.Алымбаева; «Журналистика. Жарнама иши жана коомчулук менен байланыш» тармагы боюнча терминдердин жана атоолордун түшүндүрмө сөздүгү" Ж.А.Акматбекова.

Телерадиожурналистика кафедрасы «Тележурналистика», «Радиожурналистика», «Эл аралык журналистика», «Конвергенттик журналистика» профилдери боюнча студенттерди тереңдетилген даярдыктан өткөрүп, 2017-жылдан бери «Телевидение» багыты боюнча да адистер даярдап келген.

Кыргызстандын ММКларында эмгектенген белгилүү журналисттердин мастер-класстарын өткөрүү иши жолго коюлган.


**2017-жылы** кафедранын курамындагы телестудия демөөрчүлүк менен жасалгаланган.

**2018-жылдан** баштап кафедра тарабынан «Я репортер» аттуу студенттер арасындагы видеороликтердин конкурсу жыл сайын өткөрүлүп, жеңүүчүлөргө акчалай сыйлыктар, белектер ыйгарылып келет.

**2019-жылы** телестудиянын техникалык жабдыктары Корея мамлекетинин Кемён университетинин демөөрчүлүгү менен жаңыланган.

**2020-жылы** пандемия учурунда, 18-марттан майдын аягына чейин "Баласагын ТВ" телестудиясында мектеп окуучулары үчүн мугалимдердин сабактары боюнча 185 видеотасма даярдалып, Кыргызстандын телеканалдарынан көрсөтүлдү. Мугалим Н.К. Сыдыгалиев жана студент волонтерлор Эрлан Токтобек уулу, Сапарбай уулу Жакшылык күчөтүлгөн карантин учурунда ден соолугун тобокелге салып, видеосабактарды тасмага тартып, эфирге даярдаганы үчүн Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин ыраазычылык каты менен сыйланышкан.

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Окумуштуулар кеңешинде «Баласагын-ТВ» окуу-өндүрүштүк телестудиясын өнүктүрүү концепциясы» бекитилген. Тартылган сюжеттер жана репортаждар YouTube платформасында, КУУнун сайтында жана социалдык тармактарда жарыяланып келет.



КУУнун түзүлгөндүгүнүн 90 жылдыгына карата “Биздин ректорлор” жана “Баласагын осуяаттары” теледолбоорлору жарыяланган.

**2022-жыл**

5 декабрда «ММК жаңы өзгөрүүлөр шартында» аттуу Кыргыз телеберүүсүнүн күнүнө арналган эл аралык медиафорум өткөрүлдү. Форумдун жүрүшүндө журналистика факультетинин “Телевидение” багытынын 4-курсунун ТВ-1-19, ТВ-2-19 топторунун “Фото искусство” сабагынын алкагында даярдалган “Мен сени сүйөм, өмүр!” аттуу алгачкы сүрөт-көргөзмөсүнүн, көзү өтүп кеткен журналисттердин “Биз силерди эскеребиз!” фото галереясынын, “Баласагын ТВ” студиясынын чыгармачылык өнөрканасынын, Ж.Баласагын атындагы КУУнун пресс-борборунун ачылышы болду.





**2023-жыл**

22-февраль күнү башкы имараттагы чоң жыйындар залында журналистика факультети менен ULUT SOFT компаниясы биргеликте уюштурган "Кыргыз тилин санариптештирүүнүн маселелери" аталышындагы кереге кеңеш болуп өттү.



Сентябрында телерадиожурналистика кафедрасы “Телевидение” окуу программасына өзгөртүлдү.

“Телевидение” программасынын профессордук-окутуучулук курамын ф.и.к., доцент Алымбаева Зарылкан Арстанбековна, академик Мусаев Сыртбай Жолдошевич, ф.и.д., профессор Тагаев Бегалы Тагаевич, профессор Мамбетакунов Молдосейит Мамбетакунович, ф.и.к., доцент Дуйшекеева Айна Талгарбековна, ф.и.к., доцент Сыдыкова Гульбара Бектургановна, ф.и.к., доцент Күкүн Назарбекова, соц.и.к., доцент Костюк Ширин Аалиевна, ф.и.к., доцент Акматбекова Жанара Адылбековна, ф.и.к., доцент Эшанкулова Шахризада Аллакуловна, ф.и.к., доцент Капарова Чынара Абдылдаевна, ф.и.к., доцент Кабатай кызы Айнура, доцент Шейшеналиев Эркинбек Шайлообекович, улук окутуучулар Тилекеева Нурлангуль Асановна, Байзакова Нурзат Койчукеевна, Есенкулова Светлана Байызбековна, Калчаева Лира Темирбековна, Алдашова Гуланда Мурадиловна, Джанузакова Умут Джакшылыковна, Керимова Бегимай Жаныбековна, Кундуз Таштаналиева, Алимахунов Анарбек Алимахунович, Бугучиев Тынчтыкбек Нургушаевич, Абдыбеков Жолдошбек Асанбекович жана окутуучулар Осмонакунов Нурсултан Акылбекович, Жумабеков Темирлан Абдыбекович өңдүү күчтүү теоретиктер жана кесипкөй практиктер түзүшөт.

Учурда билим берүү программасы телестудияларда иштей ала турган, фильмдерди тартууга, жаңылыктарды даярдоого машыккан адистерди даярдоодо.